**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# МААЛЫМАТ КАТЫ

**Урматтуу кесиптештер!**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмү жана Ош мамлекеттик университети көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер Насирдин Исановдун 80 жылдыгына арналган **“Кыргызстандын эгемен жолундагы Насирдин Исановдун ролу: тажрыйбалар жана чакырыктар”** аттуу илимий-практикалык конференция өткөрөт. Конференция 2023-жылдын 31-августунда ОшМУнун башкы корпусунда өтөт.

**Илимий-практикалык конференциянын программасы** конференциянын сайтында берилген https://isanov-80.oshsu.kg/.

**Конференциянын ишинин негизги багыттары:**

1. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхы, улуттук тарыхтагы көрүнүктүү инсандар;
2. Насирдин Исановдун өлкөнүн саясий турмушундагы ролуна жана жаңы саясий системанын калыптанышына кошкон салымы;
3. Туруктуу экономикалык өнүгүү: экономикалык өсүшкө дем берүү, жумуш орундарын түзүү, инвестицияларды тартуу жана экономиканын негизги тармактарын өнүктүрүү үчүн кабыл алган стратегиялар жана аларды ишке ашыруу жолдору;
4. Глобалдык чакырыктар жана кызматташтык: эл аралык кызматташтыкты, регионалдык интеграциялык процесстерди жана эл аралык коопсуздук, миграция жана глобалдык соода маселелеринде Кыргызстандын ролу;
5. Учурдагы мамлекеттик башкаруу системаларындагы инновациялык процесстер, тарыхый тажрыйбалар жана мамлекеттик саясатты калыптандырууда башкаруу органдарынын, мамлекеттик кызматкерлердин ролу.

Конференциянын жыйынтыгы боюнча конференциянын илимий эмгектеринин ОИЦИ (РИНЦ) системасына киргизилген жыйнагын чыгаруу пландаштырылууда. Макалаларды даярдоого карата бардык талаптар төмөнкү шилтемеде берилген:
https://journal.oshsu.kg/index.php/vestnik/formattings

Конференциянын иштөө тили: кыргыз, орус жана англис тилдери.

**Кошумча маалымат:**
Ош н., Ленин к., 331. Ош мамлекеттик университети
тел. +996322270828 e-mail: **science@oshsu.kg**

**Урматтоо менен, уюштуруу тобу**